Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

# АЙКЫН ОФЕРТА КЕЛИШИМИ

Бишкек ш., Кыргыз Республикасы 10-май 2016-ж.

«DOS TEK GROUP» (ДОС ТЭК ГРУПП) мүмкүнчүлүгү чектелген коому

Бул документ **«DOS TEK GROUP» ("ДОС ТЭК ГРУПП")** мүмкүнчүлүгү чектелген коомунун (келишимдеги аталышы **Оператор**) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына отчеттулук формаларын Интернет аркылуу электрондук түрдө, электрондук-санариптик кол тамганы колдонуу менен, жөнөтүү боюнча акыга кызмат көрсөтүү жөнүндө Келишим түзүүнү так аныкталбаган жактарга багыттайт. Документ Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодекси, Кыргыз Республикасынын "Маалыматтоо жөнүндө" жана Кыргыз Республикасынын "Электрондук документ жана электрондук-санариптик кол тамга жөнүндө" Мыйзамдарына жана төмөндө баяндалган Келишимдин шарттарына ылайык.

## Келишимде колдонулуучу терминдер жана аныктамалар

***Абонент*** – Келишимге кошулган, отчеттулук формаларын, электрондук-санариптик кол тамганы колдонуу менен, Интернет аркылуу электрондук түрдө тапшыруучу СОчИнин колдонуучусу болгон юридикалык жана (же) жеке жак.

***Интернет*** – IP протоколун колдонуу жана берилме пакеттерин каттамдоонун негизинде түзүлгөн компьютердик тармактарды кошуучу бүткүл дүйнөлүк система

***СОчИ (Интернет аркылуу Отчет берүү Системасы)*** – отчеттук формаларды электрондук түрдө Интернет аркылуу электрондук-санариптик кол тамганы колдонуу менен жөнөтүүчү автоматташтырылган система.

**Катышуучулар** –юридикалык маанилүү документтерди, отчеттук формаларды СОчИни колдонуу менен алмашуучу юридикалык жана (же) жеке жактар.

***Салык өкүлү*** – салык төлөөчү тарабынан дайындалып, анын кызыкчылыгын Кыргыз Республикасынын салыктар менен жыйындар жөнүндөгү мыйзамдары менен жөнгө салынуучу салык органдарында жана башка мамилелердин катышуучуларынын алдында жактоочу жеке же юридикалык жак. Салык төлөөчүнүн ыйгарымдуу өкүлү өзүнүн ишмердүүлүгүн ишеним катттын негизинде жүргүзөт (эгер салык төлөөчү - жеке жак болсо, анда ишеним кат нотариалдык күбөлөндүрүлгөн болушу керек).

***Электрондук документ алмашуу*** – маалымат жана коммуникациялык технологияларын колдонуу менен электрондук документтерди түзүү, иштеп чыгуу, жөнөтүү, тапшыруу, алуу, сактоо, өзгөртүү, жок кылуу процесстеринин жыйындысы.

***ЭСКТ (электрондук-санариптик кол тамга)*** – ЭСКТнын жабык ачкычын колдонуу менен баштапкы маалыматты иштеп чыгуунун жыйынтыгында түзүлгөн белгилердин тизмеги. Ал ЭСКТнын ачык ачкычынын колдонуучусуна бул маалыматтын бүтүмдүгүн жана өзгөрүлбөгөнүн, анын менен бирге ЭСКТнын жабык ачкычынын ээсин аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

***ЭСКТнын каражаттары*** – ЭСКТнын аныктыгын текшерип, аны иштеп чыгуу функциясын ишке ашыруучу программалык жана техникалык каражаттардын жыйындысы.

Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

***ЭСКТнын ачык ачкычы*** – ЭСКТны текшерүүгө багытталган кеңири белгилүү белгилердин тизмеги.

***ЭСКТнын жабык ачкычы*** – ЭСКТны иштеп чыгууга багытталган жана кол коюуучу жакка гана белгилүү болгон белгилердин тизмеги.

***ЭСКТнын ачык ачкычынын сертификаты (кол тамга ачкычынын сертификаты)*** – ЭСКТнын ачык ачкычы күбөлөндүрүүчү борбор тарабынан белгилүү жакка белилип, күбөлөндүрүлгөнүн далилдеген документ.

***Кол тамганын ачкычынын сертификатынын ээси (сертификаттын ээси)*** – сертификатта көрсөтүлгөн ачык ачкычка туура келген, ЭСКТнын жабык ачкычынын ээси болгон жана кол тамганын ачкычынын сертификаты берилген жеке же юридикалык жак.

***Оператор*** - СОчИ системасынын ишин камсыздоочу программалык-аппараттык каражаттарынын ээси болгон "**DOS TEK GROUP**" ("**ДОС ТЭК ГРУПП**") ЖЧКу СОчИнин оператору болуп эсептелет.

***КБ (Күбөлөндүрүүчү борбор)*** – ЭСКТнын ачык ачкычынын конкреттүү сертификат ээсине тиешелүү экенин далилдөөгө укуктуу, Оператордун атайын бөлүмү.

***СКЗИ*** – маалыматты криптографиялык коргоо каражаттары.

***СОС (кайтарылган сертификаттардын тизмеси)*** – аныктуу бир убакытка жокко чыгарылган же иши токтотулган кол тамганын ачкычтарынын сертификаттарынын сериялык номерлеринин тизмеси.

***Ачкычтын компрометациясы*** – колдонулуучу жабык ачкычтар бөтөн адамдарга жеткиликсиз экенине ишеним жоготуу. Ачкычтын компрометацияланышына байланыштуу негизги жагдайларга (кошумча, бирок бул гана эмес) кийинкилер кирет:

- ачкыч жайгашкан эс тутумду жоготуу;
- ачкыч жайгашкан эс тутумду жоготуп, кайра таап алуу;
- ачкычка байланыштуу маалыматты билген кызматкерлерди кызмат ордунан бошотуу;
- ачкычка байланыштуу маалыматты бөтөн адамдардын билүүсү.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Келишим Оператордун Абонентке Интернет аркылуу Отчет берүү Системасына (СОчИге) кошулуу боюнча багыттаган жалпы айкын сунушу болуп эсептелип, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 386-беренесине ылайык түзүлгөн.

1.2. Оператордун кызмат көрсөтүүсү КР Мамлекеттик байланыш агенттигинин 30.10.2014-жылынан № 14-1100-КР Лицензиясынын жана төмөнкү ченемдик-укуктук актылардын негизинде жүргүзүлөт:

1.2.1. КР Салык кодексинин 46-беренеси;

1.2.2. “Электрондук документ жана электрондук-санариптик кол тамга жөнүндө” № 92 КР Мыйзамы, 2004-жылдын 17-июлунан;

1.2.3. “Персоналдык мүнөздөгү маалымат жөнүндө” № 58 КР Мыйзамы, 2008-жылдын 14-апрелинен;

1.2.4. “Маалыматташтыруу жөнүндө” № 107 КР Мыйзамы, 1999-жылдын 8-октябрынан;

1.2.5. “Инфоком” Мамлекеттик ишканасынын Негизги Күбөлөндүрүүчү борборунун Регламенти.

1.3. Келишим Абоненттин отчеттулугун СОчИ системасы аркылуу, отчеттулукту электрондук түрдө кабыл алууга техникалык мүмкүнчүлүктөрү бар, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жөнөтүү боюнча кызмат көрсөтүүнүн шарттарын орнотот.

1.4. Келишимге ылайык Абонент ЭСКТсы менен кол коюлган отчеттулуктун электрондук формалары, кагаз түрүндөгү жеке кол коюлган жана Абоненттин мөөрү менен тастыкталган документтер менен (андай документтер кагаз түрүндө бар же жок экенине карабастан) бирдей юридикалык күчкө ээ экенине, Келишимдин 1.5-беренесин аткарууда, макул болот.

1.5. Кол тамга ачкычынын жана кол тамга ачкычынын сертификатынын ээси тарабынан түзүлгөн ЭСКТ, төмөнкү шарттардын бирдей сактоодо, анын жеке кол тамгасына тең болуп эсептелет:

1.5.1 Кол тамга ачкычынын сертификаты кол коюу мезгилинде күчүндө болушу;

1.5.2 ЭСКТнын аныктыгы Күбөлөндүрүүчү борбордун кол тамга ачкычынын сертификаты бар ЭСКТнын ачык ачкычынын жардамы менен текшерилгени;

1.5.3 ЭСКТнын кол тамга ачкычынын сертификатында көрсөтүлгөн маалыматка ылайык колдонулушу.

1.6. Келишимге ылайык, ЭСКТ жана шифрлөө менен камсыздалган, колдонулуучу маалыматты коргоо системасы, мындай маалыматты санкцияланбаган кирүүдөн, бүтүмдүгүн далилдөөгө, кол коюлган электрондук отчеттук формалардын аныктыгын жана авторлугун аныктоого, андан тышкары буга байланыштуу талаш-тартыш жагдайларды чечүүгө жетиштүү деп эсептейт.

1.7. Абонент Операторду мамлекеттик органдарга жөнөтүлүүчү электрондук отчеттулукка байланыштуу суроолор боюнча өзүнүн толук ыйгарымдуу өкүлү деп эсептөө менен ага укук берет, бирок бул жагдай Операторду аталган суроолорду чечүүгө милдеттендирбейт. Андыктан, Оператор Абоненттин атынан Абоненттин отчеттулугун мамлекеттик органдардын тийиштүү маалымат системаларына тапшыруу же жөнөтүүгө байланыштуу суроолор менен мамлекеттик органдарга кайрылууга укуктуу, бирок милдетүү эмес.

1.8. Келишимдин бардык редакциялары жана анын бөлүнбөс бөлүктөрү болгон тиркемелери документтелген түрдө "DOS TEK GROUP" ("ДОС ТЭК ГРУПП") МЧКунун генералдык директорунун буйругу менен бекитилип,, генералдык директордук колу коюулуп, "DOS TEK GROUP" ("ДОС ТЭК ГРУПП") МЧКунун мөөрү менен күбөлөндүрүлөт, жана Оператордун кеңсесинде сакталат. Келишимдин электрондук көчүрмөлөр ү тиркемелери менен www.dostek.kg сайтында жарыяланат.

## 2. Келишимдин предмети

2.1. Келишимге ылайык (1.3. беренеси) Оператор Абоненттин отчеттулугун СОчИ системасынын жардамы менен күнү-түнү Интернет аркылуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жөнөтүү боюнча кызмат көрсөтүүгө милдеттенет, ал эми Абонент көрсөтүлгөн кызматтар үчүн, Келишимдин шарттарына жана тартибине жараша төлөөгө милдеттенет.

## 3. Кызмат көрсөтүүнүн тартиби жана шарттары

3.1. Келишимге ылайык, СОчИ системасында катталган Абонентке кызмат көрсөтүүгө негиз болуп кийинки шарттар эсептелет:

3.1.1. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 387-беренесине ылайык, Абоненттин толугу менен «DOS TEK GROUP» (ДОС ТЕК ГРУПП) МЧКунун Күбөлөндүрүүчү борборунун Регламентине кошулушу. Регламенттин шарттары Күбөлөндүрүүчү борбор тарабынан аныкталып, компаниянын www.dostek.kg расмий веб-сайтынын «Күбөлөндүрүүчү борбор» (КБ) бөлүмүндө жайгаштырылган.

3.1.2. Абонент тарабынан Күбөлөндүрүүчү борбордун Регламети менен таанышып, Регламенттин жана анын тиркемелеринин шарттарын кабыл алып, сакташы.

3.1.3. Абоненттин ыйгарымдуу өкүлүнүн ишеним каты.;

3.1.4. Абонентин Оператордун www.dostek.kg сайтынан жөнөтүлгөн же Оператордун кеңсесинде толтурулган Буйрутмасынын негизинде, Кыргыз Республикасынын кодонуудагы мыйзамдарына ылайык, Күбөлөндүрүүчү борбор тарабынан,, электрондук-санариптик кол тамганы (ЭСКТ) алышы.

3.1.5. Абоненттин www.dostek.kg дареги боюнча Оператордун расмий веб-сайтында жарыяланган, Интернет аркылуу отчет берүү системасынын (СОчИ) кызматтарынын Тарифтерине ылайык төлөм жүргүзүүсү.

3.1.6. Абонент тарабынан Келишимдин акцепти.

3.2. Салык өкүлү болгон Абонент, ар бир тейлөөчү салык төлөөчүдөн ишеним кат тапшыруусу зарыл. Ишеним катта сөзсүз түрдө тейленүүчү жактын реквизиттери көрсөтүлүшү керек.

3.3. Оператор тарабынан Абоненттин СОчИ системасында катталышы: Келишимдин 3.1. беренесине ылайык, компаниянын кеңсесинде катталууда - 24 (жыйырма төрт) сааттын ичинде жана www.dostek.kg сайтында алыстан катталууда – 7 (жети) жумуш күнүнүн ичинде жүргүзүлөт.

3.4. Келишим боюнча, Оператор Абоненттин Интернетке кошулуусу менен гана кызмат көрсөтөт.

3.5. СОчИ системасы Кыргыз Республикасындагы Абоненттерге гана жеткиликтүү.

3.6. Дүйнөнүн каалаган жеринен СОчИ системасына кирүү, төмөнкү шарттарды сактоодо мүмкүн:

3.6.1. Абоненттин статикалык IP-дареги болушу керек;

3.6.2. Системага кирүү боюнча суроо-талап Абоненттин СОчИге катталууда көрсөтүлгөн электрондук почтасынан жүргүзүлүшү зарыл;

3.6.3. Абонент support@dostek.kg дарегине системага кирүүгө мүмкүнчүлүк берүү суроо-талабын компаниясынын ИННи, өзүнүн жайгашкан жери, IP-дареги жана чет өлкөдө болуу убактысы көрсөтүлгөн электрондук кат жөнөтүшү керек;

3.6.4. Кененирээк маалыматты компаниянын www.dostek.kg расмий веб-сайтынан (“Колдонмолор” бөлүмү) Кыргыз Республикасынан тышкары жүргөн Абонеттер үчүн Колдонмодон билүүгө болот.

3.7. Оператор Абоненттин ЭСКТ сертификатынын мөөнөтүнө СКЗИ өзгөчө эмес укуктарын берет.

3.8. Оператор Абонентке (996 312) 960 888 чалуу борборунун телефону боюнча, күнүгө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган дем алыш (ишемби, жекшемби) жана майрам күндөрүнөн тышкары, саат 09.00дон 17.30га чейин консультациялык жана маалымат кызматтарын көрсөтөт.

3.9. ЭСКТ сактоочу булуттагы корголгон түзүлүшкө карата абоненттик тейлөө ыкмасы иштейт, б.а. Абоненттин жеке эсебинде кызматка төлөөгө акча каражаттары болуусу зарыл.

3.9.1. Абонент СОчИ системасынын жана/же ЭСКТны Булутта сактоонун мүмкүнчүлүктөрүн өз каалоосу менен колдонбогон учурларда жана мында Оператордун күнөөсү болбосо, ар бир отчеттук айдын аягында Абоненттин жеке эсебинен акча каражаттарын эсептен чыгаруу, баланс нөлгө жеткече, жүргүзүлөт.

3.9.2. Нөлдүк балански жеткенден кийин, Абонент каражат толуктаганга чейин, кызмат көрсөтүү токтотулат.

3.10. Калган кызматтарга карата, кызмат колдонулганда анын төлөмү эсептен чыгарылат.

## 4. Жактардын укуктары жана милдеттери

### 4.1. Оператор төмөнкүлөргө милдетүү:

4.1.1. СОчИ системасынын күнү-түнү иштөөсүн жана Абоненттердин СОчИ системасына күнү-түнү кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо.

4.1.2. Техникалык жана (же) башка, Оператордун тиешеси жок себептер менен, Келишим боюнча кызмат көрсөтүүгө мүмкүнчүлүктүн жоктугун, мындай жагдай туулушунан баштап, 8 (сегиз) сааттын ичинде, телефон жана www.dostek.kg сайтында маалымат жайгаштыруу аркылуу Абонентке кабарлоо Техникалык жана (же) башка себептерден, саат 18ден кийин, дем алыш жана (же) майрам күндөрү, Келишим боюнча кызмат көрсөтүү мүмкүнчүлүгү болбогон учурларда, Оператор бул милдеттен бошотулат.

4.1.3. СОчИ системасынын өз ишинде токтоолор болгон учурларда, анын себептерин өз күчү менен же Абоненттин (Абоненттердин) суроо-талаптарынын негизинде аныктап, 24 (жыйырма төрт) сааттан ашпаган убакытта калыбына келтирип, Абонентке Системанын иштеп баштаганы жөнүндө кабарлайт.

4.1.4. Абоненттин СОчИ системасына кирүүсүн чектөөчү профилактикалык иштердин убактысы жана узактыгы жөнүндө, Оператордун www.dostek.kg сайтында тийиштүү жарыяны күн мурунтан жайгаштыруу жолу менен кабарлоо.

4.1.5. Абонентке Келишимге ылайык кызмат көрсөтүү, СОчИ системасын колдонуу жана Келишимдин шарттарын аткарууга байланыштуу башка суроолор боюнча консультация берүү.

4.1.6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Келишимдин 9, 11 жана 14-беренелеринде каралган жагдайлардан тышкаркы убактарда, Абонент жөнүндөгү берилме жана маалыматтарды үчүнчү жактарга бербейт.

### 4.2. Оператор төмөнкүлөргө укуктуу:

4.2.1. Жума сайын саат 17.30дан 20.30га чейин пландалган техникалык жумуштарды жүргүзүүгө (аталган убакта Абонент үчүн СОчИ комплексинде иштөө мүмкүн эмес).

4.2.2. Келишимдин 17-бөлүмүнө ылайык Келишимге бир тараптуу өзгөртүүлөрдү киргизүүгө.

4.2.3. Ар бирине өзүнчө тарифтерди аныктап, кошумча кызматтарды киргизүү. Кошумча кызматтар Абоненттин маалымдалган уруксаты менен гана көрсөтүлөт.

4.2.4. СОчИ системасынын коопсуздугуна коркунуч туудурган, Оператордун коммерциялык кызыкчылыктарына, аброюна, ар-намысына, кадыр-баркына, ишкердик абийирине доо келтирген иш-аракеттерге аралашкан Абонентке, алдын ала эскертүүсүз, Келишим боюнча кызмат көрсөтүү токтотулат. Токтотулган кызмат көрсөтүү, мындай себептер жоюлгандан кийин, калыбына келтирилет.

### 4.3. Абонент төмөнкүлөргө милдеттүү:

4.3.1. Күбөлөндүрүүчү борбору тарабынан аныкталып, компаниянын www.dostek.kg расмий веб-сайтынын "Күбөлөндүрүүчү борбор", "Күбөлөндүрүүчү борбордун Регламенти" бөлүмүндө жарыяланган «DOS TEK GROUP» (ДОС ТЕК ГРУПП) МЧКунун Күбөлөндүрүүчү борборунун Регламентке толугу менен кошулуу,

4.3.2. КБ Регламенти жана анын тиркемелери менен таанышып, алардын шарттарын кабыл алуу, ошондой эле аталган документтин бардык жоболорун сактоо.

4.3.3. Келишимдин 5-бөлүмүнө жараша Оператордун кызматтарына өз убагында жана толугу менен төлөм жүргүзүү.

4.3.4. Келишимдин 4.1.2. беренесине ылайык, Оператордун тийиштүү билдирүүсүнүн негизинде, Абонент отчеттулукту кагаз түрүндө жана (же) почта аркылуу өз күчү жана каражаты менен тапшыруу боюнча чара көрүүгө милдеттүү.

4.3.5. СОчИ системасындагы бузулгандыктар жөнүндө, алар белгилүү болгондон кийин кыска мөөнөттө, Операторго билдирүү.

Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

4.3.6. Керек болгон учурларда, СОчИ системасынын ишин калыптандыруу жана (же) калыбына келтирүү үчүн барган Оператордун техникалык кызматкерлерине Абоненттин иш ордуна кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо.

4.3.7. Оператордон жазуу түрүндөгү уруксатысыз, Келишим боюнча милдеттер жана укуктарды үчүнчү тараптарга, бербөө.

4.3.8. Келишимге кошулуунун жыйынтыгында Абонентке белгилүү болгон конфиденциалдуу маалыматты сактоо боюнча талаптарды тутуу.

4.3.9. ЭСКТ жабык ачкычын жашыруун сыр катарында сактап, үчүнчү тараптарга таратпоо, ошондой эле анын жоголуусун, белгилүү болуусун, модификациялануусун жана санкцияланбаган колдонуусун болтурбоо үчүн бардык чараларды көрүү. Ачкычтар жоголуп жана (же) компрометацияланган учурларда, ошондой эле, кол тамга ачкычынын сертификаттарындагы маалымат өзгөртүлүп же кол тамга ачкычынын сертификатын каттоодо негиз болгон документ күчүн жоготкон учурларда, Абонент кол тамга ачкычынын сертификатын жоюу жөнүндө тез арада билдирүүсү керек.

4.3.10. Салык өкүлү болгон Абонент, тейлеген салык төлөөчү менен укук мамилеси токтотулган учурда, Операторго бул жөнүндө жазуу түрүндө, тез арада, маалымдоосу керек.

4.3.11. Уюмдун аталышы, юридикалык жана жайгашкан дареги, жетекчинин паспорттук берилмелери жана байланыш маалыматы сыяктуу, СОчИ системасы аркылуу отчеттуулукту тапшырууга байланыштуу реквизиттердин өзгөрүүсү жөнүндө Операторду өз убактысында маалымдап туруу. Реквизиттери туура эмес отчеттор жөнөтүлгөн учурлардын кесепеттери үчүн жоопкерчилик Абонентке жүктөлөт.

### 4.4. Абонент төмөнкүлөргө укуктуу:

4.4.1. Келишим боюнча, Оператордун маалыматынын кийинки категорияларга тиешеси бар маалыматтан тышкары, кызмат көрсөтүүгө байланыштуу суроолордун баарына маалымат алууга укуктуу:

4.4.1.1. «Ишкананын сыры»;
4.4.1.2. «Комерциялык сыр»;
4.4.1.3. «Кызматтык колдонуу үчүн»;
4.4.1.4. «Ички колдонуу үчүн».

## 5. Кызматтардын баасы жана эсеп жүргүзүүнүн тартиби

5.1. Келишим боюнча кызматтардын баасы, Абоненттин жеке кабинетинде жана Оператордун расмий веб-сайтында жайгашкан, Интернет аркылуу отчет берүү системасындагы (СОчИ) кызматтардын Тарифтери менен аныкталат.

5.2. Келишим боюнча кызматтарга төлөө алдын ала, бир же андан ашык календарлык айларга, Келишимде, Оператордун www.dostek.kg расмий веб-сайтында көрсөтүлгөн реквизиттер боюнча Оператордун эсептешүү эсебине которуу, Оператордун кассасына акча каражаттарын накталай төгүү же Оператордун www.dostek.kg расмий веб-сайтынын “Колдонмолор” бөлүмүндө (“Төлөө жолдору” бөлүгү) көрсөтүлгөн жолдордун бири менен жүргүзүлөт.

5.3. Төлөм 30 (отуз) календарлык күндөн ашык убакытта жүргүзүлбөсө, Оператор Келишим боюнча кызмат корсөтүүнү, бир тараптуу, алдын ала эскертүүсүз токтотууга укугу бар.

## 6. Жактардын жоопкерчилиги

6.1. Келишим боюнча милдеттерин аткарбоо жана (же) тийиштүү аткарбоо үчүн, Жактар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

6.2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына СОчИ системасы аркылуу жөнөтүлүүчү электрондук отчеттулуктагы маалыматтын мазмуну жана ырастыгы, ошондой эле отчеттордун өз убактысында тапшырылуусу үчүн жоопкерчилик Абонентке жүктөлөт.

6.3. Электрондук отчеттулукту кол менен же автоматтык режимде толтуруп, тийиштүү мамлекеттик органга жөнөтүүнүн алдында, Абонент бардык маалыматты текшерүүгө милдеттүү.

6.3.1. Абоненттин күнөөсү боюнча отчет каталар менен жөнөтүлгөн учурларда, Оператор мамлекеттик органдагы Абоненттин талаш-тартышын чечүү боюнча кызмат көрсөтө алат. Мындай кызматтын баасы, көлөмү жана көрсөтүү тартиби Оператор тарабынан жарыяланган өзүнчө Айкын оферта келишиминде аныкталат.

6.4. Оператор ыйгарымдуу мамлекеттик органга отчеттулукту жөнөтүү боюнча гана кызмат көрсөтөөрүн Абонент түшүнөт. Мамлекеттик органдын отчеттулукту кабыл алуу жана иштеп чыгууга милдеттүү кызматкери же кызмат адамы тарабынан иш-аракет жасаганы же жасабаганы үчүн Оператор жоопкерчилитүү эмес.

6.4.1. Мамлекеттик органдын кызматкери же кызмат адамы тарабынан отчеттулук иштелип чыкпаганына байланыштуу бардык чыгымдар Абоненттин тобокели болуп эсептелет.

6.4.2. Оператор тийиштүү мамлекеттик органда Абоненттин кызыкчылыгын жактоо боюнча кошумча кызмат көрсөтө алат, юирок милдеттенбейт. Мындай кызматтын көрсөтүлүү тартиби, баасы жана көлөмү ар бир жагдай боюнча өзүнчө чечилет.

6.5. Абоненттин отчет толтурууда ката жасаганына, жөнөтүү органын туура эмес тандаганына жана, Оператордун маалымат системасында тийиштүү логдор менен далилденген же ЭСКТ колдонулуп, отчет менен жасалган башка аракеттерине Оператор Абненттин алдында жоопкерчилик албайт.

6.6. Төмөнкүдөй жагдайларда Оператор Абоненттин алдында жоопкерчиликтен бошотулат:

6.6.1. Электрондук отчеттулуктагы маалымат жана (же) электрондук отчеттулуктун өзүнүн жоголушу же бузулушу, электрондук отчеттулуктагы маалыматтын текстинин мааниси менен мазмунун бурмаланып, туура эмес көрсөтүлүшү, электрондук отчеттулуктагы маалымат жана (же) электрондук отчеттулуктун өзүнүн көздөлгөн багытта жана (же) бекитилген мөөнөттө жеткирилбеши - бул жагдайлар Абоненттин күнөөсү боюнча жана (же) Оператордун тиешеси жок башка себептер менен болсо.

6.6.2. СОчИ системасынын ишинде болгон танапистер, токтотуулар, оңдоо жана калыбына келтирүү жумуштары жана башка Оператордун тиешеси жок себептердин натыйжасында Келишим боюнча кызмат көрсөтүү мүмкүнчүлүгү болбогондукка байланыштуу Абоненттин чыгымдарына.

6.6.3. Оператордун ишмердүүлүгүно байланыштуу профилактикалык иштердин өткөрүү зарылдыгы жөнүндө, Абоненттин, Келишимдин 4.1.4. беренесине ылайык, алдын ала эскертилишине.

6.6.4. Абоненттин ЭСКТсын, паролун жана (же) логинин колдонуу менен аткарылган үчүнчү тараптардын бардык иш-аракеттерине. Абоненттин ЭСКТсын, паролун жана (же) логинин колдонуу менен аткарылган бардык иш-аракеттер Абоненттин иш-аракеттери болуп эсептелет. СОчИ системасын колдонууда, Абоненттин иш-аракеттеринин натыйжасында, өзүнө жана (же) үчүнчү тараптарга келтирилген зыян үчүн Абонент өз алдынча жооп берет.

6.6.5. Абоненттин ЭСКТ ачкычын жоготуу жана (же) компрометациялоо менен байланыштуу тобокелдиктер үчүн.

6.6.6. Абоненттин ЭСКТсын колдонуу менен аткарылган үчүнчү тараптардын иш-аракеттери үчүн.

6.6.7. Абоненттин тийиштүү кызматты иштетпегенинин натыйжасында тапшырган отчетторунун жоктугуна.

6.6.8. Абоненттин ЭСКТсын колдонуу менен аткарылган бардык иш-аракеттер, Абоненттин өзүнүн иш-аракеттери болуп эсептелет. Абоненттин ЭСКТсын колдонуунун натыйжасында өзүнө жана (же) үчунчу тараптарга келтирилген зыян үчүн, Абонент өз алдынча жооп берет.

Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

## 7. Жеңилгис күч жагдайлары

7.1. Жактар, жеңилгис күч жагдайларынын (форс-мажордук жагдайлар) натыйжасында, Келишим боюнча милдеттерди аткарбаса жана (же) тийиштүү аткарбаса жоопкерчиликтен бошотулат, б.а. өрт, суу ташкыны, жер титирөө жана башка жаратылыш катаклизмдери, кыйроо жана кырсыктар, массалык башаламандыктар, элдик толкундоолор, төңкөрүштөр, согуштар, терротисттик акттар, ошондой эле Келишим боюнча милдеттерди аткарылгыс кылган мамлекеттик органдар жана жергиликтүү бийлик органдарынын иш-аракеттери сыяктуу, Жактардын каалоосуна көз карандысыз өзгөчө жана кайтарылгыс кырдаалдар.

7.2. Жеңилгис күч жайгдайларынын натыйжасында, Келишим боюнча милдеттерин аткаруусу мүмкүн болбогон Жак, мындай жагдайлар башталгандан 5 (беш) календарлык күндөн кечикпеген мөөнөттө башка Жакты жагдайлар жана алардын аяктоо мөөнөтүнүн болжолдуу күнү жөнүндө жазуу түрүндө маалымдашы керек.

7.3. Абонентти маалымдоо Оператордун www.dostek.kg сайтында тийиштүү билдирүүнү жайгаштыруу аркылуу жүргүзүлөт. Жеңилгис күч жагдайларынын далили катары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынан берилген документтер (маалымат кат, ж.б.) эсептелет. Мындай далилдер жок болсо, Жактар жеңилгис күч жагдайларына шилтеме кылууга укугу жок.

7.4. Жеңилгис күч жагдайларынын натыйжасында, Келишим боюнча милдеттерди аткаруунун токтоосу 2 (эки) айдан ашык мөөнөткө созулса, Келишимдин колдонулушу токтотулат. Мындай учурда, Жактар Келишимдин колдонулушу токтогондуктан келип чыккан чыгымдарды калыбына келтирүү талабын коюуга укуктары жок.

7.5. Жеңилгис күч жагдайларынын жана (же) алардын кесепеттеринин натыйжасында, Келишимдин шарттары боюнча колдонулуучу кол тамга ачкычынын сертификаты күчүн жоготсо жана (же) аны алмаштыруу керек болсо, анда ЭСКТ ачкычынын алмашуусу жана (же) жаңы кол тамга ачкычынын сертификатын тейлөөгө керектүү иш-аракеттер Абоненттин эсебинент аткарылат.

## 8. ЭСКТны колдонуу менен байланыштуу жагдайларды талдоонун тартиби

8.1. ЭСКТ менен кол коюлган документтин авторлугу жана (же) бүтүмдүгү боюнча териштирүүлөрдү талдоо териштирүүчү жактардын жана Күбөлөндүрүүчү борбордун өкүлдөрүнөн турган комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

8.2. Жагдайды талдоо төмөнкү иш-аракетерди аткарууну өзүнө камтыйт::

- 8.2.1. ЭСКТны текшерүү иштерин жүргүзүүгө керектелүүчү, кол тамга ачкычынын сертификатын же бир нече кол тамга ачкычтарынын сертификаттарын аныктоо;
- 8.2.2. Ар бир кол тамга ачкычынын сертификатын колдонуу менен электрондук документтин ЭСКТсына текшерүү жүргүзүү;
- 8.2.3. Электрондук документтеги ар бир ЭСКТнын түзүлүү күнүн аныктоо;
- 8.2.4. Негизги Күбөлөндүрүүчү борбордун сертификатына чейинки сертификаттардын тизмегин түзүү жолу менен, ар бир сертификаттын ЭСКТсын текшерүүнү жүргүзүү;
- 8.2.5. Кол тамга ачкычтарынын сертификаттарын азыркы убакта колдонуусун текшерүүнү жүргүзүү;
- 8.2.6. Кол тамга ачкычтарынын сертификаттарын ЭСКТны түзүү мезгилинде колдонуусун текшерүүнү жүргүзүү;
- 8.2.7. Кол тамга ачкычтарынын сертификаттарын кайтарылган сертификаттардын тизмесинде (СОС) жоктугун текшерүү.

Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

8.3. Эгер ЭСКТны текшерүүдө колдонулган кол тамга ачыкчынын сертификаты СОС тизмесинде болсо, комиссия, документтин түзүлүү күнүн жана сертификаттын СОС тизмесине кайтарылуусунун күнүн колдонуп, документтин ЭСКТсынын колдонулуусу (колдонулбаганы) жөнүндө чечим кабыл алат.
8.4. Документтин ЭСКТсын текшерилсе, сертификат тизмегинин верификацияланса, кол тамга ачкычынын сертификаты СОС тизмесинде жок болсо, документтин кол тамгасы аныкталган болуп эсептелет.
8.5. ЭСКТны колдонуу менен байланышкан жагдайларды талдоо боюнча бардык чыгымдарды Абонент өз алдынча, Күбөлөндүрүүчү борбордун тарифтерине ылайык жүргүзөт.

## 9. Абоненттие персоналдык (жеке) берилмелерин жыйноо жана колдонуу

9.1. Абоненттин персоналдык маалыматы болуп, Абоненттин реквизиттерин, Абоненттин ыйгарымдуу өкүлдөрүн аныктоо үчүн же Абонент менен байланышуу үчүн колдонууга мүмкүнчүлүк берген берилмелер эсептелет.
9.2. Оператор бул маалыматты кызматтарды көрсөтүү, кызматтарды, продукттарды жакшыртуу жана Оператордун жарнамалары үчүн колдоно алат.
9.3. Абонент Оператор сураган персоналдык маалыматтын бөлүгүн берүүдөн баш тартса болот, бирок суралган берилмелерди берүүдөн баш тарткан учурда, Оператор персоналдык берилмедерди жыйноо менен байланышкан кызматтарды көрсөтүү, продукттарды берүү же сурамга жооп берүү милдеттеринен бошотулаарын түшүнүп, макул болушу керек.
9.4. Оператор тарабынан чогултулган жеке маалымат Абоненттерди алардын ишмердүүлүгүнө тиешеси бар маанилүү өзгөрүүлөр жөнүндө маалымдоо үчүн колдонулат. Абонент каалаган убакта таратылуучу маалыматты алуудан баш тартууга укугу бар.
9.5. Абоненттин жана (же) анын ыйгарымдуу өкүлдөрүнүн жеке маалыматы Оператор тарабынан продукттар, материалдар менен кызматтарды иштеп чыгуу, колдонуу жана жакшыртуу, жарнак таратуу, ошондой эле чыгымдарды жана алдамчылыкты алдын алуу үчүн колдонулат.
9.6. Оператор мезгил мезгили менен чогултулган жеке маалыматты маанилүү билдирүүлөрдү таратуу үчүн колдоно алат, мисалы, отчет тапшыруу, Абоненттин сатып алуулары, Оператордун кызмат көрсөтүү шарттарында же саясатында болгон өзгөрүүлөр жөнүндө. Абонент мындай билдирүүлөрдү алуудан баш тарта албайт, анткени бул маалымат Оператор менен өз ара аракеттешүү жана Оператордун көрсөтүп жаткан кызматтарынын сапатын тийиштүү деңгээлде кармоого керек.
9.7. Оператор Абоненттин жана (же) анын ыйгарымдуу өкүлдөрүнүн жеке маалыматын ички максаттары үчүн колдоно алат, Оператордун кызматтарын менен продукттарын жакшыртууга багытталган аудит өткөрүү, изилдөө жана берилмелерди анализдөө, кардарлар менен сүйлөшүү ыкмаларына колдонуу сыяктуу жагдайларды кошот, бирок алар менен чектелбейт.

## 10. Жеке эмес маалыматты жыйноо жана колдонуу

10.1. Оператор Абонентке түздөн түз тиешеси жок берилмелерди жыйнай алат. Мындай маалыматты Оператор каалаган максатта жыйнап, колдонуп, берип, ача алат.
10.2. Оператор өзүнүн продуктунун колдонулган жери дареги, иш орду, тили, почта индекси, шаардын коду, түзүлүштүн уникалдуу идентификатору, шилтеме булагынын URL-дареги, жайгашкан жери жана убакыт тилкеси сыяктуу маалыматты (кошуп, бирок чектелбей), ошондой эле Абоненттин муктаждыгын аныктоого, керектүү продукттарын, кызматтарын жана жарнагын сунуш кылууга мүмкүнчүлүк берген башка маалыматты жыйнай алат.
10.3. Оператор кардарларга пайдалуу маалымат берүү, ошондой эле веб-сайттын кайсы бөлүмдөрү, кайсы продукттар жана кызматтар колдонуучуларды кызыктыраарын түшүнүү үчүн, расмий веб-сайтында, E-Cloud ЭЦП сервистеринде, СОчИ системасында жана Оператордун башка продукттары менен кызматтарында эмнени көбүрөөк колдонгону жөнүндөгү маалыматты жыйнай алат.

10.4. Келишимдин мазмунунда бирдиктүү берилмелер персоналдык (жеке) эмес маалымат катары эсептелет.

10.5. Абонет Оператордун сервистерин (изделген суроолорду көрүүнү кошуп) кантип колдоноору жөнүндөгү маалыматты жыйнап, сактай алат. Бул маалымат Оператор көрсөткөн кызматттардын релеванттулугун жогорулатуу үчүн колдонулушу мүмкүн. Мындай маалымат, Интернет аркылуу көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын аныктоого керектүү жагдайлардан тышкары, Абоненттин IP-дареги менен байланыштуу болбойт.

10.6. Абонеттин анык көрүнүп турган макулдугу менен, иштеп чыгуучуларга тиркемелерди жакшыртууга жардам берүү үчүн, Оператор Абонент өзүнүн эсеп жазуусун, тиркемелерин жана (же) башка иштеп чыгуучулардын кызматтарын кантип колдоноору жөнүндөгү маалыматты жыйнай алат.

10.7. Персоналдуу (жеке) жана персоналдуу (жеке) эмес маалыматтарды бириктирүүдө, бириктирилген берилмелер, биригип турганча, персоналдуу (жеке) болуп эсептелет.

## 11. Персоналдык маалыматты ачуу

11.1. Оператор мыйзамга, сот өндүрүшүнүн, соттук териштирүүгө талаптарына же Абонент катталган өлкөнүн мамлекеттик органдарынын же башка өлкөлөрдүн суроосуна ылайык Абоненттин персоналдык (жеке) маалыматын ачууга милдеттүү болушу мүмкүн. Ошондой эле, Оператор улуттук коопсуздук, мыйзамды аткаруу максатында Абоненттин персоналдык (жеке) маалыматын ачуусу мүмкүн.

11.2. Эгер Оператордун технологиялык жана финансалык операцияларды же СОчИнин башка колдонуучуларын коргоо үчүн керектелсе, Оператор Абоненттин персоналдык (жеке) маалыматын ачуусу мүмкүн. Андан тышкары, Абоненттин кайра уюштурулуп, кошулуп же сатылуусунда Оператор Абоненттин жеке берилмелерин тийиштүү үчүнчү тарапка бериши мүмкүн.

11.3. Оператор персоналдык маалыматты төмөнкү жагдайларда ачууга укугу бар:

11.3.1. Эгер маалымат коомдук ээликте болуп калса жана (же) Оператордун кыймыл-аракет жасашы же жасабаганынын тиешеси жок жеткиликтүү болуп калган учурларда;

11.3.2. Маалымат Оператор тарабынан же мындай маалыматты ачууга укугу бар жана (же) Оператор сатып алган учурда укугу болгон үчүнчү тараптардан конфиденциалдуулук чектөөлөрсүз сатып алынган учурларда;

11.4. Оператор Абоненттин персоналдык (жеке) маалыматын төмөнкү жактарга ачууга укугу бар:

11.4.1. Оператордун ишмердүүлүгүн жана (же) анын ишин жакшыртууну камсыздоочу же Абонентке кызмат көрсөтүүчү кызматкерлерге, кызмат адамдарына, жетекчилерге, консультанттарга, подрядчиктерге, агенттерге, профессионалдуу консультанттарга жана Оператор менен байланыштуу же Оператор тарабынан, Абоненттин берилмелеринин конфиденциалдуулугун сактоо шарты менен тартылган, башка жактарга;

11.4.2. Мамлекеттик органга (күчүнө кирген токтомго ылайык) же соттун, прокурордун, алгачкы текшерүү жана тергөө органдарынын суроосу боюнча, мындай токтом жана санкцияларды аткарууга керектелген минималдуу көлөмдө.

11.4.2.1. 11.4.2. беренесинде көрсөтүлгөн органдардан тийиштүү суроолор болгон учурларда, Абонентке мындай суроого же актка наразылык көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн Оператор суроо жөнүндө Абонентке билдирет. Оператор тарабынан мындай билдирүү, колдонуудагы мыйзамга же суроо берген органдын тийиштүү актына каршы болбогон учурларда, жасалат.

11.4.3. Абоненттин жөндөөчүлөрүнө (регулятор), алардын жазуу түрүндөгү талабы боюнча.

11.5. Оператор Абоненттин каалаган маалыматын ачуу үчүн төмөнкү учурларда жоопкерчиликтүү эмес:

11.5.1. Абоненттин өзүнүн же үчүнчү тараптардын туура эмес, шалакы же атайын жасалган кыймыл-аракетинин жыйынтыгында кеңири белгилүү болгон учурларда;

11.5.2. Операторго берген убакытка чейин кеңири белгилүү болгон учурларда;
11.5.3. Абоненттин ачууга жана (же) берүүгө, жазуу түрүндө же ЭСКТны колдонуу менен күбөлөндүрүлгөн уруксаты бар учурларда.

## 12. Персоналдык (жеке) маалыматты коргоо

12.1. Абонент Оператордун кээ бир продукттары, кызматтары жана тиркемелерин колдонууда, форумдарда, чаттарда же социалдык тармак сайттарында билдирүү жарыялаганда, Абонент көрсөткөн жеке маалымат башка колдонуучуларга жеткиликтүү болот. Мындай жагдайларда Оператор жөнөткөн же берген өзүнүн маалыматына өз алдынча жоопкерчиликтүү.
12.2. Эгер Абонент өзүнүн персоналдык берилмелерин кеңири жеткиликтүү маалымат булактарында көрсөтсө, анда маалымат кеңири белгилүү болуп эсептелет. Мындай маалыматтын коргоосун Абонент өз алдынча камсыздайт.

## 13. Персоналдык (жеке) маалыматтын бүтүмдүгү жана сакталышы

13.1. Оператордун жардамы менен Абонент өзүнүн жеке маалыматынын тактыгын, толуктугун жана актуалдуулугун камсыздай алат. Аталган кызматтарды көрсөтүү үчүн Оператор өзүнчө эмгек акы орнотууга укугу бар.
13.2. Келишимде көрсөтүлгөн милдеттерди аткарууга керектелген мөөнөт аяктаганча, эгер мыйзам тарабынан башка алдын ала каралбаса, Оператор Абоненттин жеке маалыматын сактоого милдеттенет.
13.3. Абонент менен мамилеси аяктагандан кийин, Оператор архивдөө максатында, анын каалаган маалыматын чектелбеген мөөнөттүн ичинде сактоого укугу бар. Эгер Абонент 60 (алтымыш) күн катары менен Оператордун кызматтарын колдонбосо, мындай маалыматты алуу үчүн акы төлөнүшү мүмкүн.

## 14. Персоналдык (жеке) маалыматты алуу мүмкүнчүлүгү

14.1. Абонент өзүнүн байланыш маалыматы, жеке суроо-талаптарынын тактыгы, толуктугу жана актуалдуулугун камсыздоо боюнча, https://sochi.dostek.kg/ дареги аркылуу каттоо жазуусуна кирип, Операторго жардам көрсөтө алат.
14.2. Абонент берилмелерин оңдоо же жок кылуу үчүн Операторго буйрутма берүүсүн камсыздоо максатында, Оператор Абонентке жеке маалыматын көрүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт. Маалыматты сактоо мыйзам боюнча каралып же колдонуудагы мыйзамдын чегинде маалымат Оператордун ишмердүүлүгүнө керектелген учурлардан тышкары жагдайларда, Абонентке жогоруда аталган мүмкүнчүлүктөр берилиши мүмкүн.
14.3. Эгер Абонеттин буйрутмалары жөнү жок болуп же кыйынчылыктарды туудурса, башка колдонуучулардын конфиденциалдуулугун бузса, мааниси жок болсо же колдонуудагы мыйзам боюнча мындай мүмкүнчүлүктөр милдеттерге жатпаса, Оператор аларды аткаруудан баш тартышы мүмкүн. Берилмелерди көрүү, оңдоо же жок кылуу боюнча буйрутмалады кардардын жеке кабинетиндеги байланыш форма аркылуу жөнөтсо болот.

## 15. Сырткы сайттар жана сервистер

15.1. Оператордун веб-сайты, продукттары, кызматтары жана тиркемелеринде сырткары веб-сайттарга, продукттарга жана тиркемелерге шилтемелер болушу мүмкүн.

Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

15.2. Оператордун продукттарында же кызматтарында сырткы иштеп чыгуучулардын продукттары же кызматтары колдонулушу же сунушталышы мүмкүн.
15.3. Сырткы иштеп чыгуучулар жыйнаган маалыматты, алардын ичине жайгашуу боюнча беримелер жана байланыш маалыматы кириши мүмкүн, башкаруу сырткы компаниялардын конфиденциалдуулук саясаттары менен жөнгө салынат.
15.4. Сырткы кызмат көрсөтүүчүлөр жана (же) кызмат-провайдерлеринин продукттарын колдонууда алардын конфиденциалдуулук саясаттры менен таанышууну Оператор Абонентке сунуштайт.
15.5. Сырткы кызмат көрсөтүүчүлөр жана (же) кызмат-провайдерлеринин продукттарын колдонууда Абонент тарабынан аткарылган бардык кыймыл-аракеттер Абоненттин кыймыл-аракеттери болуп эсептелет жана келишимге тиешеси жок. Мындай кыймыл-аракеттер же алардын натыйжасында келип чыккан жагдайлар үчүн Оператор Абонеттин алдынча жоопкерчиликтүү эмес.

## 16. Абоненттин берилмелерин резервдик көчүрмөлөө

16.1. Оператордун маалымат системалары берилмелердин резервдик көчүрмөлөрүн мезгил мезгили менен автоматтык түрдө түзүп турушат. Резервдик көчүрмөлөө системасы Абоненттин берилмелеринин резервдик көчүрмөлөрүн чексиз санда сайтай алат.
16.2. Эгер Абонент кандайдыр бир, Оператордун тиешеси жок, себептер менен Оператордун кызматтарын 90 (токсон) күндүн ичинде колдонбосо, Оператор бул Абонент менен байланышкан резервдик көчүрмөлөрдү жок кылуу укугу бар.
16.3. Резервдик көчүрмөлөө учурунда Абоненттин орнотуулары менен мүнөздөмөлөрү, бардык билдирүүлөрү, сүрөттөрү менен видеожазуулары, документтери, тиркеме берилмелери жана жайгашуулары кошо көчүрмөлөнөт.
16.4. Оператор резервдик көчүрмөлөө кызматынын ишин жана анын Кыргыз Республикасында кабыл алынган маалымат коопсуздугунун стандарттарына туура келишин ак ниеттүү жана тиешелүү профессионалдык деңгээлде камсыздайт.
16.5. Аны менен бирге, сакталган же резервдик көчүрмөлөө кызматы аркылуу Абонентке жеткиликтүү болгон резервделген материалдар, келишимдин шарттары боюнча күтүлбөгөн бузулуудан, жоголуудан же жок кылынуудан толук корголгонуна Оператор кепилдик бере албайт. Мындай учурда, резервдик көчүрмөлөрдүн бузулуусу, жоголуусу же жок кылынуусу үчүн Оператор жоопкерчиликтүү эмес, анткени Абонент өзүнүн берилмелеринин резервдик көчүрмөлөрүнүн жок дегенде бир нускасын өз алдынча сактоого милдеттүү.
16.6. Абоненттин ыңгайлыгы үчүн жана анын суроосу боюнча Оператор берилмелердин шифрленген жана корголгон резервдик көчүрмөлөрүн түзүшү мүмкүн, бирок бул өзүнчө акы төлөнүүчү кызмат болуп эсептелет. Мындай резервдик көчүрмөнүн баасы өзүнчө келишим менен жөнгө салынат.

## 17. Келишимге өзгөртүү жана кошумчалоо киргизүүнүн тартиби

17.1. Оператор келишимге өзгөртүү жана (же) кошумчалоолорду бир тараптуу киргизүүгө, андан тышкары тарифтерди, келишим боюнча кызмат көрсөтүүнүн курамын жана шарттарын өзгөртүүгө укугу бар Оператор өгөртүүлөр жөнүндө 15 (он беш) календардык күн алдын ала маалымдоого тийиш.
17.2. Мыйзамдардын жана нормативдик жөнгө салуулардын өзгөрүүлөрүнө байланыштуу Келишимге Оператор тарабынан киргизилүүчү өзгөртүү жана (же) кошумчалоолор, ал акттарда көрсөтүлгөн өзгөрүүлөр менен бир убакта күчүнө кирет. Мындай өзгөрүүлөр жөнүндөгү билдирүүлөр Оператордун расмий веб-сайтында, тийиштүү нормативдик-укуктук акттын долбооруна шилтеме берүү менен жарыяланат.
17.3. Оператордун өз демилгеси менен киргизилүүчү өзгөртүү жана (же) кошумчалоолор Оператордун www.dostek.kg сайтында жарыялангандан кийин, Оператор белгилеген күнү күчүнө кирет.

17.4. Оператор келишимге киргизилүүчү өзгөртүү жана (же) кошумчалоолорду алардын күчүнө кирүү күнүнө чейин 15 (он беш) календардык күндөн кем эмес мөөнөт калганда жарыялоого милдеттенет.
17.5. Абонент келишимге киргизилүүчү өзгөртүү жана (же) кошумчалоолор, тарифтердин өзгөрүшү менен макул эместигин кат түрүндө билдирген учурларда, Оператор Абоненттин билдирүүсүн алган күндөн 30 (отуз) календардык күн өткөндөн кийин, келишим ал Абонентке тиешелүү автоматтык түрдө жокко чыгарылат.
17.6. Келишимге кошулган Абоненттердин баарын кепилдүү жана өз убактысында маалымдоо максатында, Абонент Оператордун www.dostek.kg сайтына 15 (он беш) календардык күндөн кем эмес мөөнөттө кирип турууга милдеттүү.
17.7. Келишимге же келишимдин бөлүнгүс бөлүгү болгон тиркемелерине киргизилүүчү өзгөртүү жана (же) кошумчалоолор келишимге кошулган бардык Абоненттерге тиешелүү.

## 18. Келишимдин мөөнөтү жана токтоосу, жокко чыгарылуу шарттары

18.1. Келишим кабыл алынган убактан баштап, Абоненттин ЭСКТсынын мөөнөтү аяктаганча күчүндө болот.
18.2. Күбөлөндүрүүчү борбор тарабынан берилип, E-Cloud ЭЦП Булуттагы корголгон түзүлүшүндө сакталган ЭСКТлардын иштөө мөөнөтү, ЭСКТнын берилген күнүнөн 1 (бир) календардык жыл өткөндөн кийин автоматтык түрдө узартылат. ЭСКТнын мөөнөтүн узартуу төмөнкү шарттар сакталганда мүмкүн:
- 18.2.1. ЭСКТнын мөөнөтү аяктаарына 30 (отуз) календардык күн калган убакка чейин Жактардын бири да келишимди жокко чыгаруу жөнүндө билдирүү жасабаса.
- 18.2.2. Компаниянын реквизиттеринде төмөнкү берилмелер өзгөрүлбөсө:
  - 18.2.2.1. Компаниянын ИННи;
  - 18.2.2.2. Компаниянын аталышы;
  - 18.2.2.3. Компаниянын жайгашышы (шаар/айыл);
  - 18.2.2.4. ЭСКТ ээсинин аты-жөнү;
  - 18.2.2.5. ЭСКТ ээсинин кызматы;
  - 18.2.2.6. ЭСКТ ээсинин паспортунун сериясы;
  - 18.2.2.7. Электрондук дарек.
- 18.2.3. Эгер 18.2.2. беренесинде көрсөтүлгөн реквизиттер өзгөрүлгөн болсо, анда далилдөөчү документтердин көчүрмөлөрүн Оператордун office@dostek.kg электрондук дарегине, ЭСКТнын мөөнөтү аяктаганча, жөнөтүү керек.
- 18.2.4. ЭСКТнын мөөнөтү аяктаганча, Абонент тарабынан кийинки жылдын ЭСКТсы үчүн төлөм жүргүзүлүшү керек.

18.3. Күбөлөндүрүүчү борбор тарабынан берилип, RuToken ЭЦП корголгон эс тутумунда сакталган ЭСКТнын иштөө мөөнөтү ЭСКТнын берилген күнүнөн 1 (бир) календардык жыл өткөндөн кийин узартылат. ЭСКТнын мөөнөтүн узартуу төмөнкү шарттар сакталганда мүмкүн:
- 18.3.1. ЭСКТнын мөөнөтү аяктаарына 30 (отуз) календардык күн калган убакка чейин Жактардын бири да келишимди жокко чыгаруу жөнүндө билдирүү жасабаса.
- 18.3.2. Компаниянын реквизиттеринде төмөнкү берилмелер өзгөрүлбөсө:
  - 18.3.2.1. Компаниянын ИННи;
  - 18.3.2.2. Компаниянын аталышы;
  - 18.3.2.3. Компаниянын жайгашышы (шаар/айыл);
  - 18.3.2.4. ЭСКТ ээсинин аты-жөнү;
  - 18.3.2.5. ЭСКТ ээсинин кызматы;
  - 18.3.2.6. ЭСКТ ээсинин паспортунун сериясы;
  - 18.3.2.7. Электрондук дарек.

18.3.3. Эгер 18.2.2. беренесинде көрсөтүлгөн реквизиттер өзгөрүлгөн болсо, анда далилдөөчү документтердин көчүрмөлөрүн Оператордун office@dostek.kg электрондук дарегине, ЭСКТнын мөөнөтү аяктаганча, жөнөтүү же Оператордун кеңсесине кошо ала келүү керек.
18.3.4. ЭСКТ ээси же анын ишенимдүү адамы RuToken ЭЦП корголгон эс тутумун алып, Оператордун кеңсесине ЭСКТнын иштөө мөөнөтү аяктаганча келүүсү зарыл.
18.3.5. ЭСКТнын иштөө мөөнөтү аяктаганча Абонент тарабынан кийинки жылдын ЭСКТсы үчүн төлөм жүргүзүлүшү керек.

18.4. Төмөнкү жагдайларда келишим мөөнөтү аяктаганча жокко чыгарылышы мүмкүн:
18.4.1. Келишимдин мөөнөтү аяктаганга 30 (отуз) күндөн кем эмес убакыт калганда, Абоненттин Операторго келишимди жокко чыгаруу жөнүндө жазуу түрүндө алдын ала билдирүү жасашы.
18.4.2. Келишимдин 17.5. беренесине ылайык, Абоненттин Оператор тарабынан келишимге киргизген өзгөртүү жана (же) кошумчалоолору менен макул эместиги.
18.4.3. Мамлекеттик органдын биринин же баарынын интернет аркылуу келген Абоненттин электрондук отчеттулугун кабыл алуу үчүн колдонулуучу СОчИ системасынан баш тартышы.
18.4.4. Келишимдин 7.3. беренесине ылайык келген жагдайлар.
18.4.5. Сот органдарынын чечими боюнча.
18.4.6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка жагдайларда.

18.5. Келишимдин иши токтотулганда Абонент менен Оператор 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде биргелешкен салыштыруу актысын түзүшөт. Салыштыруунун натыйжасында табылган карыз Жактардын биринин пайдасына салыштыруу актыга кол коюлган күндөн тартып 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде төлөнүүгө тийиш. Карызды келишимде көрсөтүлгөн реквизиттер боюнча төлөнө турган Жактын банктык эсебине же Жактын кассасына накталай төлөө керек.

18.6. Төлөмдү мөөнөтүнөн кечиктирген Жак ар бир кечиккен күнү үчүн 1 (бир) пайыз көлөмүндө туум төлөйт.

## 19. Талаштарды чечүү

19.1. Келишимдин шарттарын аткарууда Абонент менен Оператордун ортосунда келип чыккан талаштар, сүйлөшүү жолу менен чечилет.

19.2. Доолордун каралуу мөнөөтү – алган убактан тартып 30 (отуз) календардык күн.

19.3. Талаштарды сүйлөшүү жолу менен чечүү мүмкүн болбогон учурларда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот аркылуу чечилүүгө тийиш.

## 20. Жыйынтыктоочу жоболор

20.1. Абоненттин персоналдык компьютерине жана программалык камсыздоосуна коюлган талаптар:
20.1.1. 1.7 ГГц жыштыгында иштеген Intel Pentium 4 тибинен төмөн эмес күчкө ээ борбордук процессору.
20.1.2. 1Гб кем эмес оперативдик эс тутуму.
20.1.3. Microsoft Windows XPSP3, Microsoft Windows 7 же андан жаңыраак оперативдик системасы
20.1.4. Mozilla Firefox, Google Chrome же Opera ASA Opera браузеринин акыркы версиялары.
20.1.5. RuToken ЭЦП корголгон эс тутумун колдонууда программалык камсыздоону төмөнкү камсыздоо менен жабдуу зарыл:
20.1.5.1. RuToken ЭЦП драйвери;
20.1.5.2. Браузер үчүн RuToken ЭЦП плагини.

DosTek group

Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

20.2. Келишим менен жана келишимдин бөлүңгүс бөлүктөрү болгон тиркемелери менен жөнгө салынбаган бардык суроолор, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен жөнгө салынат.

## 21. «DOS TEK GROUP» (ДОС ТЭК ГРУПП) МЧКнун реквизиттери:

Бишкек ш., Коенкозов көч., 8
ИНН:00211200910051
ОКПО коду: 26804954
Соц.фонддун каттоо №: 04-58756
001 Октябрь району боюнча МСКБ
Эсептешүү эсеби: 1280010015061112
БИК: 128001
ЗАО KICB